КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

ОШСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

723510, Ош шаары, Ленин көчөсү 221
тел./факс 5-53-44

723510, город Ош, ул. Ленина 221
тел./факс 5-53-44

## Ош аймактык шайлоо комиссиясынын

## №22/1 ЧЕЧИМИ

**Ош шаары** **28.10.2024-ж.**

**Рахманов Дилмурад Дилдорбековичтин “Бир бол” саясий партиясынан Ош шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкер Алимов Козимжон Носировичтин шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү боюнча шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы тууралуу арызы жөнүндө.**

2024-жылдын 17-октябрында Кыргыз республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан Ош шаарынын Кызыл-Кыштак айыл аймагынын Хошимов көчөсүнүн 23-үйүнүн тургуну, 1973-жылы туулган Рахманов Дилмурад Дилдорбековичтин “Бир бол” саясий партиясынан Ош шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкер Алимов Козимжон Носировичтин шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү боюнча шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы тууралуу арызы келип түшкөн.

Д.Д.Рахмановдун арызында Ош шаардык Кеңешинин депутаттыгына “Бир Бол” партиясынан талапкер Алимов Козимжон Носировичти талапкерлигин каттоону жокко чыгарууну сурап, төмөндөгүдөй мазмунда арыз берген:

“Ош шаарынын Кызыл-Кыштак айыл аймагынын Беш-Капа көчөсүнүн тургундарына: “Рахманов Дилмурад арыз жазып, Беш-Кападагы 35 үйдү бузат экен, аны депутаттыкка бекер шайлагансыңар, эми аны депутаттыкка шайлабаныздар.”-деп чындыкка дал келбеген, жалган маалыматтарды шайлоочуларынын арасында атайын таркатып, аны жаман көрсөтүүгө аракет кылуу максатында укукка каршы түрдө үгүт ишин жүргүзгөн.”

Арызына Беш-Капа көчөсүнүн тургундарынын актысын тиркеген.

Ош аймактык шайлоо комиссиясы 2024-жылдын 19-октябрындагы отурумунда аталган арызды карап, Д.Д.Рахмановдун арызында тиркелген актыга кол койгон жактардын өздүгүн тактоо жана юридикалык баа берүү үчүн материалдар укук коргоо органдарына жөнөтүлгөн.

21.10.2024-жылы Ош ШИИБдин МЭЖне 02-041-2024-002779 сандуу катталып, тергөөгө чейинки текшерүү иштери башталган.

Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн Тергөө кызматы тарабынан берилген расмий маалыматтарга ылайык, арыз ээси жана актыда көрсөтүлгөн адамдар суралган.

Ош ШИИБ текшерүүнүн жыйынтыгында, Д.Д.Рахмановдун БШКнын электрондук дарегине жиберген арызы боюнча жыйналган иш кагаздарына, анын өзүнүн, К.Алимовдун жана 16.10.2024-ж. түзүлгөн актыга кол тамгаларын койгон Беш-Капа көчөсүнүн жети тургунунун окуянын жагдайына байланыштуу берген көрсөтмөлөрүнө баа берилип, Д.Рахмановтун арызында көрсөткөн дооматтары өз ордун таппагандыктан жана бул жагдайда К.Н. Алимовдун кыймыл аракетинде Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарынын ченемдери бузулбаганын, кылмыш жана укук бузуу белгилери байкалбагандыгын бирдирген.

Жогорудагы баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесин, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы № 41 токтому менен бекитилген Укук бузуулар жөнүндө иштерди шайлоо комиссиясы тарабынан кароонун тартиби жөнүндө жобону жетекчиликке алып,

Ош аймактык шайлоо комиссиясы,

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Рахманов Дилмурад Дилдорбековичтин арызы канаттандыруусуз калтырылсын.
2. Бул чечимдин көчүрмөсү менен Д.Д.Рахманов тааныштырылсын.
3. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Ош аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Н.Жабаркуловага жүктөлсүн.

**Ош АШКнын төрагасы:** **К.Т. Бердибекова**

**Ош АШКнын катчысы:** **Н.Н. Жабаркулова**